КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ

УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН

УЛАХОЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

ДЕПУТАТТАРДЫН УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН
IX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН I СЕССИЯСЫНЫН

№ 3- Т О К Т О М У

28-ноябрь 2024-жыл. Кара-Талаа айылы.

Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды чакыруу күнүн белгилөө жана өкүлчүлүктүү жыйындын делегаттарынын санын жана ага катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүүнүн графигин **аныктоо жөнүндө.**

Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынды чакыруу күнүн белгилөө жана өкүлчүлүктүү жыйындын делегаттарынын санын жана ага катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүүнүн графигин аныктоо боюнча жооптуу катчы И.Жээнтаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, Улахол айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйын 7-декабрь 2024-жыл Кара-Талаа айылында саат 10-00 дө өткөрүлсүн.
2. Элдик Курултайга делегатты шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындын делегаттарынын саны 50 делегат болуп бекитилсин.
3. Элдик Курултайга делегаттары шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучулары ар бир айыл боюнча айыл аймактын калкынын санына ылайык пайыздык бөлүнүүнү сактоо менен төмөнкүдөй бекитилсин:

   Кара-Талаа айылынан- 16 делегат анын ичинен 5 аял же эркек.
   Кара-Шаар айылынан- 7 делегат анын ичинен 2 аял же эркек.
   Оттук айылынан- 13 делегат анын ичинен 4 аял же эркек.
   Шор-Булак айылынан- 9 делегат анын ичинен 4 аял же эркек.
   Туура-Суу айылынан- 5 делегат анын ичинен 2 аял же эркек.
4. Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынына катышуучу делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүүнүн графигин төмөнкүдөй бекитилсин:

   Оттук айылынан- 2024-жыл 4-декабрь саат-10-00
   Кара-Шаар айылына- 2024-жыл 4-декабрь саат-12-00
   Шор-Булак айылынан- 2024-жыл 4-декабрь саат-15-00
   Туура-Суу айылынан- 2024-жыл 5-декабрь саат-10-00
   Кара-Талаа айылында- 2024-жыл 5-декабрь саат-14-00.
5. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **К.Бейшеев**